8. Жергетал айылдык аймактык Кеңештин 2023-жылга Жумаалы уулу Бузурманкул атындагы "Наристе"бала бакчасы кошумча каржылоо, ата-энелердин төлөмдөрүүнөн чогулган 216 бала ай сайын 800 (сегиз жуз) сомдон акча каражат атайын эсеп счетко 1100,0 мин сом (спец счет) төгүлүп чыгымдалсын, № 6 тиркемеге ылайык бекитилсин.

9. Жайыт пайдаланычуулардын коомунун 165,0 мин сом планда каралган киреше бөлүгү бекитилип, чыгаша болүгү №4 тиркимеге ылайык аныкталсын.

10. Жергетал айыл аймактык Кенеши тарабынан 2024-жылга карата бюджет болжолдуу долборуу 14291,6 мин сом, ал эми 2025-жылга 15375,1 мин сом өлчөмүндө бекитилсин.

11. Кыргыз Республикасынын 2024-жылга республикалык бюджетинен жергиликтуу бюджеттер учун тендөөчу трасферттердин өлчөмунун божомолу 7136,0 мин сом, 2025-жылга тендөөчу трансферттер өлчөмүнүн божомолу 7136,0 мин сом бекитилсин.

12. Жергетал айыл өкмөтүндө каралган типтүү 14 штаттык бирдик КР нын өкмөтүнүн 08.07.2013-жылдагы №403 токтомунун редакцияланган жарлыгынын негизинде бекитилсин.

13. Кыргыз Республикасынын бюджеттик кодексинин 109-беренесине ылайык 5% тик ченден ашпай, мекеме уюмдарына жыл ичинде зарыл болгон учурда бир бөлүмдөн экинчи бөлүмгө, статьядан статьяга, чейректен чейрекке жылдыруу Жергетал айыл өкмөтүнүн финансы-экономика бөлүм башчысына жүктөлсүн.

**Жергиликтуу салыктар:**

А) Жеке тараптардан алынуучу салык сугат жерлерге 336,05 сом, кайраkы 54 сом, жерлерге көп жылдык бак дарактарга 168,57 сом, шалба жерлерге 11 сом, жайыт жерлерге 4,80 сом, ар бир гектарга өлчөмүндө бекитилсин.

Б) Жеке тараптардан алынуучу огород салыгы, 150 сом өлчөмундө бекитилсин.

В) Айыл чарба эмес жерлерден алынуучу салык кодексинин 33-статьясына ылайык белгиленсин.

15. Мулк салыгы КР салык кодексинин негизинде бекитилсин.

16. Кыймылдуу мүлкккө салык Кыргыз Республикасынын 197-статьясынын негизинде салыктын турун менчик автотранспорттору жана айыл чарба техникалары бар КРнын граждандары чет өлкөлүк граждандар жана гражданствосу жок жактар салык төлөөчү болуп эсептелинет. Салык чегерүү жана өлчөмү КР салык кодексинин 198 статьясынын негизинде жүргүзүлсүн.

17. **Жалпы мамлекеттик салыктар** "Кыргыз Республикасынын салык кодексинин негизинде бекитилсин, жайыт пайдалануучу төлөм КР бюджеттик кодексинин "Жайыттар жөнундө" мыйзамынын ченемдерине ылайык бекитилсин.

18. Талас райондук маданият бөлүмүнүн Талас райондук борборлоштурулган китепканасына караштуу Жергетал айылдык аймагынын алдындагы китепканасына 2 китепкана башчысы жана 1 клуб башчысы КРӨ 2019-жылдын 27-августундагы №429 токтомунун негизинде бекитилсин.